вузов [Текст] / Шумейко Т.С., Божевольная Н.В., Даулетбаева Г.Б., Жарлыкасов Б.Ж. – Костанай: Центрум, 2022. – 175 с.

11. Шумейко Т.С. Теоретико-методологические основы формирования графической грамотности средствами орнамента. [Текст] / Т.С. Шумейко // Вестник Академии Педагогических наук Казахстана. – 2018. – № 1(81). – С. 35-40.

12. Яковлев Е.В. Педагогическое исследование: содержание и представление результатов. Монография [Текст] / Яковлев Е.В., Яковлева Н.О. – Челябинск: изд-во РБИУ, 2010. – 316 с.

**УДК: 51-32** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.384**

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ УЛУУ ТАЙПА КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА МАТЕМАТИКАЛЫК «САН ЖАНА САНОО» БӨЛҮМҮНДӨГҮ ЖӨНӨКӨЙ ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КЫРГЫЗ ЭТНОМАДАНИЙ САЛТТАРЫНЫН ЭЛЕМЕНТТЕРИНИН НЕГИЗИНДЕ КАЛЫПТАНДЫРУУ

Абдывасиева Зырапа п.и.к., доцент ОшМПУ
ORCID: 0009000972334994 **Zyrapaa1955@gmail.com**
Халмурзаева Айжамал Шадыбековна “Бөбөктай” МЧББУнун башчысы
halmurzaevaaizhamal81@gmail.com

## ФОРМИРОВАНИЕ ЭЛЕМЕНТАРНЫХ ПОНЯТИЙ МАТЕМАТИЧЕСКОГО РАЗДЕЛА «ЧИСЛО И СЧЕТ» У ДЕТЕЙ СТАРШЕЙ ДОШКОЛЬНОЙ ГРУППЫ НА ОСНОВЕ ЭЛЕМЕНТОВ КЫРГЫЗСКИХ ЭТНОКУЛЬТУРНЫХ ТРАДИЦИЙ

Абдывасиева Зырапа - к.п.н., доцент ОшМПУ, Кыргызстан г.Ош.
Халмурзаева Айжамал Шадыбековна Заведуюшая УДО“Бөбөктай”

## DEVELOPING BASIC CONCEPTS OF «NUMBER AND COUNTING» IN MATHEMATICS FOR SENIOR PRESCHOOL CHILDREN USING ELEMENTS OF KYRGYZ ETHNOCULTURAL TRADITIONS.

Abdyvasieva Zhyrapa-Candidate of Pedagogical Sciences,
Associate Professor at Osh State Pedagogical University, Osh, Kyrgyzstan.
Kholmurzaeva A.Sh., Head of the Preschool Educational Institution “Böböktay”

### Аннотация

Мектепке чейинки билим берүүдө жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу балдарда келечекте математикалык билим алуусуна негиз болору каралды. «Билим берүү жөнүндө» мыйзамда «… жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктардын гармониялуу системасын калыптандырууга багытталары…» жөнүндө айтылганы белгиленди. Ага ылайык, адегенде, мектепке чейинки улуу тайпа курагындагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун мазмуну, андан кийин ошол эле жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдүн кыргыз этно маданий салттарын айкалыштыруу менен калыптандыруунун мазмуну түзүлдү жана максаты каралды. Мында «Сан жана саноо» бөлүмүнө кеңири токтолдук.

***Улуттук регионалдык компонентте:*** Кыргыз тилинде 1ден 10го чейин саноого үйрөтүү: *5тен 10го чейинки* ар бир сандын *пайда болуусун* удаасы менен тааныштыруу; 10 ичиндеги жанаша турган сандарды *конкреттүү көптүктөрдү* салыштыруунун негизинде үйрөтүү; *барабарсыздыктан барабардыкты* (жана тескерисинче) алууга үйрөтүү: *кичине санга бир чүкөнү кошуу же чоң сандан бир чүкөнү алып салуу* аркылуу; сандарды барабарлоо; *чүкөлөрдү үлгү боюнча* же *берилген санга* (10 чегинде) ылайык, чоң топтон бөлүп *саноого* үйрөтүү ж.б. *кыргыз тилинде* сандар жана башка *математикалык түшүнүктөр* айтылган *ырлар, табышмактар, санак ырлары, макал-лакаптар, учкул сөздөр, оюндар, жаңылмачтар жана жомоктор* ж.б. менен тааныштыруу каралды.

**Түйүндүү сөздөр:** жөнөкөй, математикалык, түшүнүктөр, калыптандыруу, этнос, маданий, салттар,

**Аннотация**

Формирование элементарных математических представлений в дошкольном образовании рассматривается как основа для дальнейшего получения детьми математических знаний. Было отмечено, что в Законе «Об образовании» говорится о том, что «...образование направлено на формирование гармоничной системы общечеловеческих и национальных ценностей...». В соответствии с этим, сначала было рассмотрено содержание формирования элементарных математических представлений у детей старшей дошкольной группы, а затем содержание и цель формирования тех же элементарных математических представлений в сочетании с элементами кыргызских этнокультурных традиций. При этом раздел «Число и счёт» был рассмотрен наиболее широко. В национально-региональном компоненте предусмотрено: Обучение счёту на кыргызском языке от 1 до 10; последовательное ознакомление с образованием каждого числа от 5 до 10; обучение сравнению соседних чисел в пределах 10 на основе конкретных множеств (например, разноцветных альчиков); обучение получению равенства из неравенства (и наоборот): путём добавления одного альчика к меньшему числу или вычитания одного альчика из большего числа; уравнивание чисел; обучение отсчёту альчиков из большой группы по образцу или в соответствии с заданным числом (в пределах 10) и т.д. Также предусмотрено ознакомление с песнями, загадками, считалками, пословицами и поговорками, крылатыми словами, играми, скороговорками и сказками и другими материалами на кыргызском языке, где упоминаются числа и другие математические понятия.

**Ключевые слова:** базовые, математические, представления, формирование, этнос, культурные, традиции.

**Abstract**

The formation of elementary mathematical concepts in preschool education is viewed as the foundation for children's subsequent acquisition of mathematical knowledge. It was noted that the Law “On Education” states that “...education is aimed at forming a harmonious system of universal human and national values...”. In accordance with this, the content of forming elementary mathematical concepts for older preschool children was first examined, followed by the content and goal of forming the same elementary mathematical concepts in combination with elements of Kyrgyz ethnocultural traditions. The “Number and Counting” section was reviewed most extensively.

The national and regional component provides for: Teaching counting in the Kyrgyz language from 1 to 10; sequential introduction to the formation of each number from 5 to 10; teaching the comparison of adjacent numbers within 10 based on specific sets (for example, multicolored *alchiks* [chükö/astragali]); teaching how to derive equality from inequality (and vice versa): by adding one *alchik* to the smaller number or subtracting one *alchik* from the larger number; equating numbers; teaching the counting out of *alchiks* from a large group based on a model or a given number (within 10), and so on; also included is the introduction of songs, riddles, counting rhymes, proverbs and sayings, catchphrases, games, tongue twisters, and fairy tales and other materials in the Kyrgyz language that mention numbers and other mathematical concepts.

**Key words:** basic, mathematical, representations, formation, ethnic, cultural, traditions.

Сандык, мейкиндик жана убакыт тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу мектепке чейинки курактагы балдардын толук кандуу өнүгүүсүнүн маанилүү шарты. Алар айлана-чөйрө жөнүндөгү билимдерди андан ары байытууга, ошондой эле мектепте жалпы жана математикалык түшүнүктөр системасын ийгиликтүү өздөштүрүүгө зарыл негиз болуп берет.

Мектепке чейинки улуу тайпа курактагы балдарга жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу, өркүндөтүү боюнча “6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоонун жалпы өнүктүрүүчү (базистик)” программасынын талаптары, “Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо” мамлекеттик стандартынын (2025) көрсөткүчтөрүнө ылайык, балдардын акыл ишмердүүлүгүн ой-жүгүртүүсүн, салыштыруу, анализдөө

жөндөмдүүлүктөрүн жана байкагычтыгын, тапшырманы аткаруунун жолдорун тандоо, жыйынтыгын баалоо жөндөмдөрүн өркүндөтүүнүн айрым программаларына негизделген.

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2023-жылдын 11-августу № 179), **8-берене. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын принциптери, 2-глава. Билим берүү системасыын 7- пунктунда** «*билим алуучуларда дүйнө жөнүндө илимий көз карашын жана жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктардын гармониялуу системасын калыптандырууга багытталган билим берүүнүн гуманистик мүнөздөмөсү*» - деп айтылат [1]

К.Д. Ушинский өз эмгектеринде жаратылыш, эне тили, элдик чыгармалар жана балдар фольклору сыяктуу маданий мурастар баланын тарбияланышына чоң таасир эткенин көрсөтүп берген [2].

Ушул эле көйгөйгө А.П. Усова да көңүл бурган. Ал мекенге болгон сүйүүнү кичинекей кезинен тартып өрчүтүү, балдарды өз элинин салттарына үйрөтүү зарыл экенин баса белгилеген. «Кичинекей балдар өз элинин маданияты тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү эне тили, ырлар, жомоктор жана оюндар аркылуу алышат» [3.].

Ага ылайык жөнөкөй маатематикалык түшүнүктөрдү кыргыз элинин *этно маданий салттарынын негизинде билим берүү*нүн мазмуну (алдыда математикалык мазмун) *кыргыз элинин этномаданий салттарын* эске алуу менен кеңейтилип жана татаалдаштырылып, маданияттын, жаратылыштын жана социумдун өз ара аракеттенүү системасын ачып берген дисциплиналар аралык, гуманитардык ыкманын негизинде түзүлдү.

Адегенде, «*этнос», «этномаданий салт», «маданият»* сөздөрүнүн маанисин ачып көрөлү. *Этнос (кыскача айтканда) - белгилүү бир аймакта тарыхый жактан калыптанган, башка этностордон айырмалуу болгон белгилүү биримдикке, ошону менен бирге туруктуу маданият, тил, жүрүм-турум, ой жүгүртүүгө ж. б. ээ болгон, тагыраак айтканда, этнос – уруу, эл, улут катары калыптанган тарыхый туруктуу адамдардын тобу.* [4]

«*Этно маданий салт*»*– кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордунж.б. жыйындысы*

Философиялык сөздүктө “*маданият*” түшүнүгү (латын тилинен которгондо cultura – өнүктүрүү, иштетүү) – “адамзаттын коомдук-тарыхый практика процессинде жараткан материалдык жана руханий баалуулуктардын, ошондой эле аларды түзүү, колдонуу жана берүү ыкмаларынын жыйындысы.

Ал эми кыскача мааниде материалдык (технология, өндүрүш тажрыйбасы жана башка материалдык баалуулуктар) жана руханий маданият (илим, искусство жана адабият, философия, моралдык, билим берүү ж.б.) жөнүндө айтуу деп кабыл алынган” [5].

Математикалык мазмундун негизги *максаты* — мектепке чейинки математикалык билим берүүдөгү улуттук маданият катмарын жандандыруу, балдарда дүйнөнү таанып билүү жана баарлашуу каражаты катары математикалык *белгилер жана символдор* жөнүндөгү түшүнүктөрдү, ошондой эле алардын өз алдынча ишмердүүлүктөгү маанилүүлүгүн калыптандыруу.

Булардын алкагында чечиле турган негизги милдеттер болуп төмөнкүлөр саналат:

-Балдарда *сандар жана саноо* жөнүндөгү түшүнүктөрдүн адамдардын өз алдынча ишмердүүлүгүндөгү мааниси тууралуу ой-пикирлерди калыптандыруу.

-*Кыргыз элинин этномаданий салттарынын баалуулуктарын* математикалык таануу аркылуу баланын инсандыгын өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

-Балдардын *математикалык белгилерди жана символдорду* коомдогу мамилелерди жөнгө салуу каражаты катары колдонуу тажрыйбасын өнүктүрүүгө шарттарды түзүү.

-*Математикалык категорияларды* таанып-билүү ыкмалары жөнүндөгү билимдер менен иштөө жана аларды өз алдынча ишмердүүлүктө колдонуу жөндөмүн өркүндөтүү.

*Математикалык мазмунду* иштеп чыгуунун баштапкы методологиялык жана теориялык жоболору катары төмөнкүлөр кызмат кылат:

1. *Кыргыз элинин этномаданий салттары* — бул баалуулуктардын

жыйындысы, аларды кайра жаратуунун жана иштетүүнүн белгилүү бир системасы, ошондой эле инсандын калыптанышына шарт түзгөн *социомаданий фактор* катары каралат.

2. Математикалык билим берүү — Кыргыз элинин этномаданий салттарынын жана социалдашуунун контекстинде түшүндүрүлөт, бул *мейкиндикте жана убакытта, маданиятта жана коомдо* инсанды калыптандыруунун узак процесси болуп саналат.

3. Мектепке чейинки курактагы балдарга этно маданият салттарынын негизинде математикалык билим берүүсүнүн мазмуну — *маданияттын* (билимдердин, ыкмалардын, байланыштардын, баалуулуктардын, ишмердүүлүктүн) *чагылышы* жана ошол эле учурда *этно улуттук маданиятка кайтуунун, маданиятты сактоонун, инсандын маданиятын өнүктүрүүнүн* каражаты болуп саналат.

*Математикалык мазмун* төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтыйт*: сан жана саноо; ченөө; геометриялык фигуралар; убакытка жана мейкиндикке багыт алуу*. Ар бир бөлүмдө Кыргыз элинин этномаданий салттарын эске алуу менен *улуттук-аймактык компонент* ачылып берилет.

Бул макалада мектепке чейинки математикалык билим берүүнүн негизи болгон **«*Сан жана саноо*»** бөлүмүн кыргыз элинин этно маданий салттарынын негизинде калыптандыруу берилди**.**

Адегенде бул бөлүмдүн алкагында балдарда жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууну карайлы:

*Көптүктөр (топтомдор) менен иштөө*

-*Сапаттык жагынан айырмаланган* элементтерден (ар түрдүү түстөгү, өлчөмдөгү, формадагы, максаттагы буюмдардан; үндөрдөн, кыймылдардан ж.б.) көптүктөрдү (топторду) түзүү; көптүктөрдү бөлүктөргө бөлүп, аларды кайра бириктирүү.

-Көптүк менен анын ар бир бөлүгүнүн ортосундагы *катыштарды* аныктоо, мында *көптүктүн өзүнүн ар бир бөлүгүнөн чоң*, ал эми *бөлүк берилген көптүктөн кичине* болорун түшүнүү.

-Саноонун жана элементтерди (буюмдарды) *бирден бириктирүүнүн* негизинде көптүктүн ар кандай бөлүктөрүн салыштыруу; көптүктүн *чоң (же кичине)* бөлүгүн же алардын *барабардыгын* аныктоо.

***Сан жана саноо***

-*Онго (10го)* чейин саноону үйрөтүү; 5тен 10го чейинки ар бир сандын пайда болуусун ырааттуу түрдө (көрсөтмөлүү негизде, ар түрдүү түстө боёлгон чүкөлөрдү колдонуу) тааныштыруу.

-*10 чегиндеги жана жанаша турган сандарды* конкреттүү көптүктөрдү салыштыруунун негизинде салыштырууну үйрөтүү; аз нерселерге бир нерсени кошуу же көп нерседен бир нерсени алып салуу менен барабарсыздыктан барабардыкты (же барабардыктан барабарсыздыкты) алуу: («7 – 8ден кичине, эгер 7ге бир нерсе кошсок, 8ден болуп, *барабар* болуп калат», «8 – 7ден чоң; эгер 8 нерседен бир нерсени алып салсак, 7 болуп*, барабар* болуп калат»).

-Чоң сандагы буюмдардын ичинен үлгүгө жана берилген санга ылайык *буюмдарды санап бөлүүгө* (10дун чегинде) үйрөтүү.

-*Кармап көрүү (сезип билүү) аркылуу* буюмдарды санаганды, ошондой эле үлгүгө же берилген санга жараша *үндөрдүн, кыймылдардын* санын санаганды жана кайра кайталаганды үйрөтүү (10дун чегинде).

-Он ичиндеги сандарды *экиден, үчтөн* тобу менен саноого үйрөтүү

***Иреттик сан***

-*10 чегиндеги сандарды ирети менен саноо* менен тааныштыруу; *«Канча?»* жана *«канчанчы?»* («*Кайсы?*» же «*Кандай?*» – нерсенин катардагы ордун билдирген суроо) деген суроолорду айырмалаганды жана аларга туура жооп берүүнү үйрөтүү.

*Барабардык* жөнүндөгү түшүнүктү калыптандырууну улантуу.

-Ар кандай көптүктөрдөн, алардын жалпы касиети (мисалы, *үйлар, койлор, жылкылар, чүкөлөр, таштар, данектер ж.б.*) болгон *санды* аныктоого үйрөтүү.

-Көптүктөрдүн элементтерин саноонун жана салыштыруунун негизинде сандык маанилерди туура жалпылоого үйрөтүү (мисалы: «Бул жерде 5 мамалак, 5 куурчак, 5 гүл, 5 коёнек, 5 машина ж.б. бардык нерселер *бирдей санда – 5тен*»).

-Сандын *буюмдардын чоңдугуна,* алардын *аралыгына, формасына, жайгашуусуна,* ошондой эле *саноо багытына* (ондон солго, солдон оңго, каалаган нерседен баштоо) *көз каранды эместигин* түшүндүрүү.

-*Бештин чегиндеги* сандын *бирлерден* куралышы менен тааныштыруу (мисалы: **5** – бул бир, дагы бир, дагы бир, дагы бир жана дагы бир). Бул конкреттүү материалдар менен ишке ашырылат.

-5 чегиндеги сандардын *дагы башка* курамдарын түзүүнү үйрөтүү *(2 жана 3, 1 жана 4, ар түрдүү түскө боёлгон чүкөлөр менен)*

-*Нерсени* (кагаз, тасма, тегерек, квадрат ж.б.) *бир нече бирдей эмес бөлүктөргө* (эки, төрт) *бөлүүгө* үйрөтүү.

-Бөлүүдөн алынган бөлүктөрдү *атоого* үйрөтүү. *Бүтүндү* жана *бөлүктөрдү* салыштырууга үйрөтүү [6].

***Математикалык түшүнүктөрдү этномаданий салттын негизинде калыптандыруу***

-Кыргыз тилинде 1ден 10го чейин саноого үйрөтүү: *бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он.*

-*5тен 10го чейинки* ар бир сандын *пайда болуусун* удаасы менен тааныштыруу (чүкөлөрдү колдонуу менен).

-10 ичиндеги жанаша турган сандарды *конкреттүү көптүктөрдү (*түрдүү түстөргө боёлгон чүкөлөрдү*)* салыштыруунун негизинде үйрөтүү.

-*Барабарсыздыктан барабардыкты* (жана тескерисинче, *барабардыктан барабарсыздыкты*) алууга үйрөтүү:

-*Кичине санга бир чүкөнү кошуу же чоң сандан бир чүкөнү алып салуу* аркылуу барабарлоо.

-Мисалдар: «5 алтыдан кичине, эгер 5ке бир чүкөнү кошуудан 6га барабар болуп, экөө барабар болуп калат»**.**

-«7 алтыдан чоң**,** эгер 7 чүкөдөн бирди алып салсаң, 6 болуп экөө барабар болуп калат».

-*Чүкөлөрдү үлгү боюнча* же *берилген санга* (10 чегинде) ылайык, чоң топтон бөлүп *саноого* үйрөтүү.

-*Барабар* жөнүндөгү түшүнүктү калыптандырууну улантуу.

-Ар кандай *нерселерден* турган топтордогу *бирдей санды* аныктоого үйрөтүү.

-Саноонун жана топторду салыштыруунун негизинде сандык маанилерди туура *жалпылоо* (мисалы: «Бул жерде 8 *үй, 8 кой, 8 жылкы, 8 чүкө, 8 томпой* бар, бардык жаныбарлардын жана нерселердин саны бирдей — 8ден»).

-*Чүкөлөрдү* колдонуп, *бештин чегиндеги* сандын *бирдиктерден* куралышы менен тааныштыруу (мисалы: 4 – бул бир чүкө, дагы бир чүкө, дагы бир жана дагы бир чүкө).

-*Кыргыз тилинде* сандар жана башка *математикалык түшүнүктөр*
айтылган *ырлар, табышмактар, санак ырлары, макал-лакаптар, учкул сөздөр, оюндар, жаңылмачтар жана жомоктор* ж.б. менен тааныштыруу.

Сан кыргыз элдик чыгармаларда өтө көп кездешет,

Мисалы, «Манас» эпосундагы математикалык түшүнүктөрдүн негизгиси болгон сан түшүнүгүнүн колдонулушун карап көрөлү жана ага карата мисалдарды келтирели.

... Ногой уулу туугандан,
*Он жетимде* бөлүндүм...
… Жерин өлчөп санасак,
*Жүздөн* алып наарыңды ...,

Ал эми макал лакаптарды алсак,

- Айдаганы төрт эчки ышкырыгы таш жарат (лакап);
- Эки эрдин достугу бир белден ашат,

Эки элдин достугу миң белден ашырат.
-Жигит кишиге*, 70* өнөр аз;
-Жети өлчөп бир кес,
Жанылмачтар: Белестеги беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой.
Баш баласы кунан кой,
Беш баласы дөнөн кой.
Табышмактарга мисал келтирсек,
Төрт буту бар бирок жүрө албайт (стол)
Колу көп, буту бирөө (дарак)

Оюндарды алсак «Топ таш», «Чүкө атмай», «Пaң-шаң» ж.б. оюндарды мисалга келтирүүгө болот. Андан башка сан жана саноону камтыган жомокторду колдонуу максатка ылайык.

Жогоруда мектепке чейинки улуу тайпа куракгагы балдарга математикалык «Сан жана саноо» бөлүмүн, ошол эле бөлүмдүн этномаданий салттарынын элементтерин колдонуу менен калыптандыруу жактары каралды, мисалдар келтирилди.

Бул ишмердүүлүктөр балдардын *сандык сабаттуулугун* өнүктүрүүгө жана *улуттук этно маданиятты* колдонууга багытталды. Аны менен бирге
эне тили, элдик чыгармалар жана балдар фольклору сыяктуу маданий мурастар баланын тарбияланышына чоң таасир этээри белгилүү. Ал эмес мекенге болгон сүйүүнү кичинекей кезинен тартып өрчүтүү, балдарды өз элинин салттарына үйрөтүү зарыл экендигине ынанып келебиз.

Бул максаттар балдардын математикалык ой жүгүртүүсүн, логикасын жана баштапкы эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүүнү көздөйт.

**Адабияттар**


1. КР “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (2023-жылдын 11-августу № 179), **8-берене, 2-глава. Билим берүү системасынын 7- пункту.**
2. Ушинский, К. Д. Педагогические сочинения [Текст] : в 6 т. / К.Д. Ушинский; сост. С.Ф. Егоров. -М. : Педагогика, 1988. - Т. 1.-414 б.
3. Усова, А. П. Русское народное творчество в детском саду [Текст] / А. П. Усова. - М. : Просвещение, 1972. - 78 б.
4. История Кыргызстан [Текст] / под ред Дж.Осмонов. – Бишкек 2000-г. 43-с.
5. Философский словарь [Текст] / под ред. М. М. Розенталя, П. Ф. Юдина. - М.: Политиздат, 1963. - 544 б.
6. Е.Н. Цубер, преподаватель кафедры методик дошкольного образования Теория и методика формирования элементарных математических представлений детей дошкольного возраста БГПУ-2022-ж.


**УДК 371.262**

## БОЛОЧОК МАТЕМАТИКА МУГАЛИМДЕРИНИН СОЦИАЛДЫК – КОММУНИКАЦИЯЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

Алиева Жаркынай Анарбаевна – окутуучу ОшМПУ
ORCID-0009-0008-5566-9277
ILIMBEK 9471@mail.ru

**Аннотация**

Өнүгүп жаткан коомдо көз карандысыз мамлекетибиз койгон талаптарга ылайык жаңы социалдык процесстер тынымсыз жүрүүдө жана билим берүү системасына ар бир кесипке туура чыгармачыл мамиле жасоону үйрөнүү, ар тараптуу компотенттүү, изденгич инсанды калыптандыруу, тиешелүү предметтин бардык бөлүмдөрүн сапаттуу окутуунун мазмунун,